# 30-40- ЖЫЛДАРДАГЫ МАССАЛЫК ПСИХОЗ ЖАНА АНЫН “МАНАС” ЭПОСУНА, ЖАЛПЫ ЭЛЕ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДАРЫНЫН РУХИЙ АБАЛЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**АКМАТОВА ВЕНЕРА**
*ф.и.к.,доцент*

Тоталитаризмдин кайгы-касыреттүү кесепеттери кыргыз көркөм ойлонуусунун өнүгүшүнө тескери таасирин тийгизүү менен эле чектелбестен, жалпы улуттун менталитетине терс сапаттардын сиңүүсүнө да алып келген. Советтик идеологиянын амбициясынан кыргыз илимий, маданий коомчулугу руханий жактан жапа чегип, моралдык-этикалык жүрүм-турумуна, көз караштарына доо кеткен. Аргасыздык жана советтик коньюнктурага карата конформисттик мамиле башка баалуулуктар тургай кылымдардан бери каны-жанына сиңип калган, улуттун ыйык символдорунун бири - улуу эпосун танганга чейин барууга аргасыз кылган.

«Манас» эпосу эле эмес жалпы кыргыз улутунун рухий өнүгүшүнө кайгылуу кесепети тийген бул эмне деген көрүнүш эле?!Массалык репрессиялоодо жеке бир адамдын күнөөлүү же күнөөлүү эместигин далилдөөнүн зарылчылыгы деле болгон эмес, бул саясий таасир этүүнү демонстрациялоонун куралы, методу, болгон. Тоталитаризмдин өзгөчөлүгү бул коомдо расмий эрежеге карама-каршы келген жүрүм-турум, аракет, башкача ой жүгүртүүгө катуу тыюу салынат. Ошол режимге макул болбогон, же аны менен келише албаган ар бир инсан курмандыкка айланышы мүмкүн.

Совет бийлигинин чыныгы жүзүн жашыруу максатында расмий советтик тарых репрессия 30-жылдардан башталган деп белгилейт. Бирок ал революциянын алгачкы жылдарынан эле башталып, жарандык согуш мезгилинде да, кийин да токтотулган эмес, сталиндик жеке адамга сыйынуу мезгилинде туу чокусуна жеткен. Массалык репрессиянын кыртышы мурда эле даярдалган. Совет мезгилинде массалык репрессияга СССР боюнча 62 млн адам туш болгон.

Идеологиялык жактан элдин аң сезимин бурмалоо, массалык психозду жаратуу жагынан «Правда» газетасы күрдөөлдүү иштеген. Анын бетине чыккан макалалар канча бир адамдын өмүрүн алып, тагдырын кыя чапкан. Ар бир макаладан кийин репрессиянын жаңы толкуну башталган. Террор улуттук республикаларда атайын даярдалганМосквадан жиберилген адамдар тарабынан алдын ала пландаштырылып ишке ашырылган. Жергиликтүү элдин арасында адистешкен ушакчылар, жалаакорлор пайда болгон [1;334]. Жогорку партиялык органдардын көрсөтмөлөрүн «жетекчиликке алып, бири-биринин бетин ачуу процесси күчөгөн. «Булатов (Ысык-Көл РКсынын катчысы ) Чалагыз Иманкуловду, Бейше Турусбаевди таап чыкса; Орозбаев (Сталин РК катчысы) У.Жалиловдун «бетин ачса»; Эсеналиев, -И.Тойчинов, К.Тыныстанов, З.Бектеновдун; Аильчинов –Чонбашевдин; Чоңбашев – Токбаевдин, Токомбаев –К.Тыныстанов, Баишев, Татыбеков, Кенесариевдин; Тойчинов – Токобаев, Чоңбашев, Саадаевдин ж.б. бетин ачышкан» ( ЦГА ПД РК, ф 10, оп 1, д. 526) [2;212]. Жалган жалаа, көрө албастык, илимий компетентсиздикти чагылдырган дагы бир өкүнүчтүү көрүнүш, 1937-жылы 4-сентябрда Кыргыз тили жана жазуусу илим-изилдөө институтунун илимий кызматкерлери Тыныстанов жана Поливановдун кесиптештери НКВДга колдорун коюп, ачык-анонимдүү эмес, Кыргызстандагы улутчул кыймылдын жол баштоочуларынын бири, тыныстановчулуктун тамырын таап, түбү менен жоготуш керек, анын өзү жок болсо да, шакирттери калды, бул өтө коркунучтуу ж.б. мааниде кат жазышкан. Бул өтө жийиркеничтүү пасквилде Тыныстанов жана Поливановду бир жактуу каралоо орун алган. Бул кат дагы бир ирет трагедиялуу окуяларга мезгил эмес, адамдар күнөөлүү экендигин тастыктап турат. Андан да кейиштүүсү чындап эле «Тыныстановдун куйруктарын кыркуу» кыргыз адабиятында көпкө чейин созулуп, экинчи муундагы манастаануучулардын тагдырында да опурталдуу роль ойногондугу белгилүү.

30-жылдары «Манас» эпосунун тегерегинде иштегендердин бардыгы камакка алынган.Ошол мезгилдин адабий, илимий, анын үстүнө «Манас» эпосунун айланасындагы иш-чаралардын түздөн-түз катышуучусу белгилүү окумуштуу К.Карасаевдин «Ушунун бардыгы ынтымактын жоктугунан болгон. Бардыгы чоң улутка көшөкөрлөнүүдөн болгон. Ынтымак кеткен кезде, өз улутуң-өз улутуңдун колу менен жоголот» деген пикири ойлонууга түртпөй койбойт [3;471].

1937-38-жылдардагы массалык репрессия коомдун бардык катмарларын камтуу менен «антисоветтик элементтерге» каршы жүргүзүлгөн. СССР Жазуучулар союзунун биринчи сьездинин жетекчилигине шайланган 101 мүчөнүн ичинен 33ү, 597 делегаттын ичинен 180и «эл душманы» катары репрессияга кабылган. Коомду коркунуч, аны менен бирге апатия каптаган. И.Эренбургудун эскерүүсүндө ошол мезгилдеги адамдардын эртенки күнгө ишеними болгон эмес, бардыгы «күтүп» жашашкан [4;156]

Массалык репрессия БК ВКП(б) нын 1938-жыл, 17-ноябрдагы токтомунан кийин токтотулган. Анткени менен ушул учурдан тартып БКнын идеологиялык структуралары аркылуу адабиятка кубаттуу көзөмөлү башталат. Жаңы милдеттерге ылайык адабий процесске көзөмөл кылуунун механизмдери алмашып, адабиятчылардын бардык жүрүм-турумуна НКВД көзөмөлдүк жүргүзүп турган [5;127].

Эстетикалыкбаалуулуктардыналмашуусун, адабияттыннукурамиссиясыбоюнчатүшүнүктөрдүнкарама-каршылыгынкоомдук-тарыхыйкырдаалжараткан. Бирок ошол көркөм баалуулуктарды алып жүрүүчүлөр-жаратуучулар адабияттын тазалыгы үчүн күрөшүштү беле? К.Тыныстанов-А.Токомбаевдин ортосундагы айыгышкан карама-каршылыкты талдоо менен бул суроого жооп табуу татаал. «Манас» эпосуна байланыштуу сюжеттин экөөнүн ортосундагы талаш-тартыштын обьектилеринин бирине айлануусу (А.Токомбаев тарабынан) айкаш конструктивдүү мүнөздө эмес, тилекке каршы жалаа жабуу, кандай болбосун атаандашын жеңип чыгууга негизделгени байкалып турат.

40-жылдардагы адабиятка, философияга, музыкага тиешелүү ждановдук токтомдун кара өзгөйлүгү, каардуулугу жөн жеринен чыга калган эмес, ал авторитардык-деспоттук режимдин бир көрүнүшү болуп,маданияттагы эки жүздүүлүккө алып келген. Аңдалбаган социалдык жүрүм-турум эмес, ачык эле эки жүздүүлүк, кара өзгөйлүк, калпычылык же өзүн өзү алдоо көнүмүшкө айланган. Интеллигенциядагы эки жүздүүлүк адегенде аңдабастыктан келип чыкканы менен бара-бара жан дүйнөнүн дат басуусуна (коррозия)алып келген . Кийинки муундарга өтүп отурган аңдалбаган адеп-ахлактык эки жүздүүлүк, карама-каршылык ачык эле аморализмди, жан дүйнөнүн жакырдануусун жараткан. 30-40-жылдардагы жогорку маданияттын жана коомдук ой жүгүртүүнүн эки тараптуулугу,эки ачалуулугунун жыйынтыгы кыргыз элинин тарыхый эси үчүн өтө кесепеттүү болгон. Биринчи эле маданиятты жаратуучулардын адеп-ахлактык ден соолугу жабыркаган. Абдан катуу жабыркаган, анткени алардын арасынан коомдогу, бийлик чыгармачылыкка койгон талаптагы көркөм эки жүздүүлүктү, кызылдай калпты байкабай коө албагандар бар эле. Көркөм сүрөткерлер жана идеологдор эл менен болгон байланыштан алыстап, чындыкка карата эки жүздүү мамилеге өтүүлөрү керек эле. Ал эми бул жол бийликке кулдук уруп баш ийүүгө, жан талпастап ыкташууга, ылайыкташууга, улуттук баалуулуктарды танып кетүүгө алып келмек. Ошол мезгилдеги психологиялык атмосфера тууралуу белгилүү даанышман К.Карасаев мындай дейт: «Гезит бетине чыккан макалаларды окусаң «душмандарды түп-тамырынан бери соолтуп, жулуп салуу керек», - деген сүйлөмдөр өкүм сүрдү. Биринин бетин бири ачкан адамдарды сураба. 1938-жылы ЦКанын токтомунан кийин айрыкча кыргыз кызматкерлерин топ-тобу менен кырып салды» [6;413 – 414].«Мындай иштер түшкө кирет же жомокто болот го» деп кайгыруу менен эскерет.«Мамлекеттик идеология элдин түбүнө жетти. Салттын баарына түкүрдү. Ушакчынын, тоголок арыз жазгандардын күнү тууду. Бакан ооздордон эл жининдей кача турган болду» деп мезгилдин акыбалын баяндайт [7;415].

Бурмалоочулук, уят-сыйыты жок конформизмден улуу эпос да көп жылдар бою

жабыркаган. «Манас» эпосун жыйноо, басып чыгаруу жана изилдөө иштерине түздөн-түз катышып, эпостун айланасындагы бардык процесстерди жакындан билген данакер күбө иретинде атактуу даанышмандын сөзүнө ынануудан башка бизде арга жок. «Манас» дастанындагы терминдерди бурмалоо чегинен чыгып кетти. «Чоң казат» деген термин – «Чоң чабуул» болуп калды. Мына ошонун кесепетинен «Манас» дастанынын байыркы замандан келе жаткан нугу бузулду. Манас баатыр Бээжинге ислам динин таратууга барбай эле, Кытай элин чаап ала турган баскынчыга айланып калды. «Манас» дастанынын мазмунун бузуп, «советский Манас» кылып салды. «Манас» эки жолу басылып чыкты. Чоң бурмалоого учурады» [8;428].

Ошол катаал мезгилдеги кыргыз саясий, илимий элитасынын акыбалына токтолуп, «эл башкаруучулары ичинен нааразы болгон менен, сыртынан кемунис партиясынын балтасын гана чаап калды. Бир ооз каршы айтууга батылы барбады. «Кың деген адамдын башы зиң» деп ыргый баштады. Сагымбай болсо, ичиндеги пикирин, жалпы элдин пикирин ачык айта баштады. «Манаска» байланыштырып, ичинде кара курттай кайнаган, көкөйүнө көк таштай тийген заарын ачык айтып салды. «Азыр түрк кор болдуң. Түркстанды бүткүл арийлер (орустар) ээлеп алды. Силер кошоматтан башка эч нерсе айта албай калдыңар. Араңардагы алалык түбүнөргө жетти. Кууураган абалга баратасыңар» деп кашкая жаздырып салды [9;441]. Бул айтылгандар улуу манасчынын инсандык жана чыгармачылык генийин терең ачып бере алат жана Сагымбай Орозбаковдун жеке өзүнүн жана анын вариантынын улуттун кызыкчылыгын көздөгөн акылмандыгын чагылдырып турат. «Сагымбай «Манаска» байланыштуу элдин тиричилигин даана жазган адам. Ал – ичиндеги сырын кагаз бетине түшүргөн баатыр. Кеңеш бийлигинин убагындагы зомбулукту эч ким жазып калтырган жок! Мына ошол үчүн Сакемди мен баатыр деп эсептеймин. Сакем 1926-жылга чейинки айдалган адамдарды гана көрдү. 1931-жылы колхоз курулушуна байланыштуу түрмөгү менен камалганын көргөн жок. Андан кийинки нечен жолку камалууларды, атылууларды көргөн жок. Аларды көргөндө эмнелерди жазат эле ким билсин. Сагымбайдын «Манасын» революцияга каршы чыгарма деп, камап да койду. Аны бастырып чыгарам деп, мен эмнелерди гана көрбөдүм. «Сагымбайдын «Манасынын» ичиндеги Кеңеш өкмөтүн жамандаган жерлерин жазып бересиңер болбосо, мойнуңарды жулуп алабыз», -деп Батманов экөөбүзгө ГПУ, Кыргызстандын ЦКсы да эмнелерди көрсөтпөдү» [10;442]. Эпостун тагдыры менен тагдыры эриш-аркак атактуу окумуштуунун айткандарынан улам мезгилдин татаалдыгы, анын атактуу манасчыга тийгизген таасири тууралу чындык айтылат. Эгерде жогорудагы маалыматтарга таянсак, анда эпоско коюлган «айыптарды»туура экен деген ойго келебиз. Жогорудагы айтылган ойлор Сагымбай Орозбаковдун вариантын изилдөөдө башкача концепция зарыл экендигин кашкайта белгилеп турат.

Кылымдардан келе жаткан адеп-ахлактык салт бузулуп, большевизмге кызмат кылуу интеллигенцияны конформизмге барууга аргасыз кылып, деградацияга учураткан жана мурдагы баалуулуктарды сатып кетүүгө түрткөн. Акырындык менен улуттун алдынкы бөлүгү интеллектуалдуу кулга айланган. Совет номенклатурасынын адилетсиз саясаты улуттук өнүгүүнүн кубаттуу энергиясын, рухий-интеллектуалдык потенциалын моралдык да, физикалык да жактан жок кылган. Коомдо бул терс көрүнүштөр нормага айланып, абийир «өлгөн».

1949-жылы Василий Гроссмандын «Өмүр жана тагдыр» аттуу романын талкуулап жаткан учурда публицист А.Кравицкий СССРдеги адабияттын абалын төмөнкүчө баалаган: «Биздин өлкөдө адабият мамлекетке бириккен, муну мен анын бактысы деп эсептейм». Бул фразада айтылган ой адабияттагы 20-жылдардын орто ченинен тартып 80-жылдардын аягына чейин түзүлгөн кырдаалды ачык-айкын чагылдырып турат жана адабияттагы же жалпы эле рухий майдандагы кулчулук сезимдин канчалык кулач жайып, сиңип, орноп калгандыгын да чагылдырат.

30-40-жылдардагы ич ара айыгышуунун, жалган жалаа жабуунун жыйынтыгы трагедиялуу аяктагандыгы белгилүү.«Ичи тарлык, көрө албастык, тууганчылдык

илгертеден бери кыргыздын канына сиңген. Ошол ылаң менен кээ бир кыргыз кызматкерлери ооруп келген, азыр да тымызын ооруй берет. Идеологиясы өзгөргөн менен психоидеология сакталып кала берет окшойт» [11;353].

Өткөн тарыхка кайрылуу андан жыйынтык чыгарып, өкүнүп жана тазаланууга алып бараарына ишенели.

**Адабияттар**

1.Курманов З.К. Национальная интеллигенция 20-30 годов: Вклад в возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитарным режимом – Б., 2005.- 334.

2.Жунушалиев Ж. Время созидания и трагедий. 20-30 - е годы ХХ века. –Б.:Илим, 2003.- С.212

3.Карасаев К. Хусеин наама: (баштан өткөндөр) -Б.: Кыргызстан, 2001.-Б.471

4.Эренбург И. Г. Люди, годы, жизнь –М.,1990. –Т.2. – С.156

5.История советской политической цензуры. Документы и комментарии. – М., РОССПЭН, 1997. –С.127.

6.Карасаев 413 – 414

7.Көрсөтүлгөн китеп, Б.415

8.Көрсөтүлгөн китеп, Б.428

9.Көрсөтүлгөн китеп, Б.441

10.Көрсөтүлгөн китеп, Б.442

11.Көрсөтүлгөн китеп, Б.353